**Максаты:** Студенттерге берилгендер базасынын негизги түшүнүктөрүн, берилгендердин структурасын жана берилгендерди башкаруучу системалардын негизги принциптерин окутуп үйрөтүү. Берилгендер базасын башкаруучу информациялык технологияларды жана системаларды түрдүү багытта колдоно алуу жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу.

**Мазмуну:** Берилгендер жана берилгендер базасы түшүнүгү. Берилгендердин негизги типтери, берилгендер базасын башкаруучу системалар (MS SQL Server), берилгендерди сактоо түшүнүгү, информациялык жана информациялык-издөө системасы, берилгендердин базасынын информациялык технологиялардын типтери жана өнүгүү перспективалары каралат.

**Курстун пререквизиттери:** Информатика, программалоо

**Курстун постреквизиттери:** Методы и средства защиты информации

**Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студент төмөнкүлөргө ээ болуусу керек:**

**Билет:** берилгендер базасы түшүнүктөрүн жана принциптерин, берилгендерди алуунун, сактоонун, кайра иштетүүнүн маалымат башкаруунун каражаты катары компьютер менен иштөөнүн шыктарына ээ болуу

**Жасай алат:** информациялык базаларды иштеп чыгып, заманбап технологиялык каражаттарын, программалоо технологияларын колдоно билүү.

**Көндүмүнө ээ:** информациялык технологиялардын методдорун, касиеттерин жана окуяларын колдонуу, клиет-сервердик информациялык системаларды түзүүгө, иштетүүгө жана ондого жана ишке ашыруу методдоруна ээ болуу, информациялык маалыматтарды түзүү жана аны колдоно алуу.

## Программалык системанын архитектурасы жана долбоору (5 сем.)

**Компетенциялык көрсөткүчтөр:** КК-6, КК-8

**Максаты:** салттуу классикалык архитектурадан заманбап параллелдүү эсептөө системаларына чейинки эсептөө системаларынын негизги принциптерин үйрөнүүгө багытталган.

**Мазмуну:** архитектуранын жалпы идеяларынын көз карашынан алганда, машинага багытталган тилдердин негиздери каралат, бул студенттерге ассемблер тилинде жөнөкөй алгоритмдерди иш жүзүндө колдонууга аракет кылууга мүмкүнчүлүк берет. Курс программалоо жана анын эффективдүүлүгү жөнүндө тереңирээк билим алуудан тышкары, заманбап операциялык системалардын иштешин түшүнүү үчүн абдан маанилүү болгон эсептөө системасында бир нече тапшырмаларды параллелдүү аткаруу механизмдери жөнүндө идеяларды берет. Дисциплинанын мазмуну Intel процессорлорунун архитектурасын изилдөөгө негизделген.

**Курстун пререквизиттери:** Введение в программную инженерию

**Курстун постреквизиттери:** Структурное программирование

**Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студент төмөнкүлөргө ээ болуусу керек:**

**Билет:** программалык камсыздоону иштеп чыгууга объектиге багытталган мамиленин негиздери; программалык камсыздоону иштеп чыгуу технологиясынын негиздери; программалык камсыздоого кардарлардын талаптарын аныктоо жана сыпаттоо үчүн негиз.

**Жасай алат:** заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен прикладдык маселелерди коюу жана чечүү; алгоритмдик тилдердин биринде программалоо;

**Көндүмүнө ээ:** алгоритмдештирүү жана программалоо негиздери

## Эсептөө систем архитектурасы

**Компетенциялык көрсөткүчтөр:** КК-2, КК-9

**Максаты:** 710400 “Программалык инженерия” багытында окууган студенттерге заманбап эсептөө системаларынын түзүлүшүн, тарыхын, иштөө принциптерин жана жалпы архитектурасын үйрөтүү менен бирге төмөндөгүдөй маселелер чечилет; Заманбап компьютердик системаларынын архитектурасы жана түзүлүш принциптерин үйрөнүү; компьютердин аппараттык бөлүгүн, функционалдык мүмкүнчүлүгүн жана техникалык мүнөздөмөлөрүн үйрөнүү ж.б.

**Мазмуну:** ЭЭМдин тарыхы жана муундары. Компьютердин архитектурасынын негизги түшүнүктөрү жана аныктамалары. Фон Нейман принциби жана классикалык компьютер архитектурасы. ЭЭМдин функционалдык жана структуралык уюштурулушу. ЭЭМди куруунун маалыматтык жана логикалык негиздери. Көп деңгээлдүү компьютердик уюм. Компьютердин санариптик логикалык деңгээли. Микроархитектуралык деңгээл. CISC жана RISC архитектура. Командалардын архитектуралык деңгээли. Машиналык коддун түзүлүшү жана форматтары. Төмөнкү деңгээлдеги ассемблер тили. Инструкциялар. Операндтар. Директивалар. Борбордук процессордун максаты жана түзүмү. Дайындоо жана башкаруу приборун жана арифметикалык-логикалык приборду уюштуруу. Микропроцессордук эстутум. CPU регистрлери. Процессордун буйрук цикли. Процессор тарабынан нускамаларды аткаруу этаптары. CPU өндүрүмдүүлүгү. Техникалык шарттар микропроцессор. Микропроцессордук өндүрүш. Маалыматты сактоочу түзүлүштөр. Маалымат киргизүү жана чыгаруу түзүлүштөрү. Шиналар, алардын мүнөздөмөлөрү. Киргизүү/чыгаруу интерфейстеринин классификациясы. Параллель жана сериялык интерфейстер. Тышкы түзүлүштөрдүн контроллерлору. I/O порттору

**Дисциплинанын орду:** 710400 «Программалык инженерия» бакалавр программасынын НББПнын кесиптик циклинин элективдик курстар бөлүмүндө окутулат.

**Пререквизиттер:** «Компьютердик архитектура жана перифериялык түзүлүштөр», «Программалык инженерияга киришүү”, “Операциондук системалар”, “Информатика” дисциплиналары.

**Постреквизиттер:** «Тармактар жана телекоммуникациялар», “Программалоо”.

**Компетенциялык көрсөткүчтөр:** Дисциплинаны окуп-үйрөнүп, өздөштүрүүнүн натыйжасында студент төмөнкү компетенциялык көрсөткүчтөрдүн денгээлине ээ болуусу керек:

**Билүүсү зарыл:** ЭЭМдин жана эсептөө системаларынын негизги мүнөздөмөлөрү жана колдонулуш тармактарын; негизги компьютердик түзүлүштөрдү функционалдык жана структуралык уюштуруулушун.

**Ээ болуу:** компьютерлердин жана эсептөө системаларынын заманбап каражаттарын колдоно билүү; ассемблер тилинде программалоо көндүмдөрү.

**Колдоно алуу:** алган билимдерин персоналдык компьютерде практикалык иште колдонууга; компьютердин системалык ресурстарын натыйжалуу пайдаланууга; төмөнкү программалоо тилдерин колдонуу менен программаларды иштеп чыгуу.

## Жашоо аракет коопсуздугу

**Компетенциялык көрсөткүчтөр:** КК-5, СЖК-4

**Максаты:** Студенттерди тиричиликтеги жана кесиптик тармактагы коопсуздугунун негизги принциптерин окутуу, үйрөтүү жана аларды колдоно алуу жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу.

**Мазмуну:** Тиричилик коопсуздугунун аныктамасы, коркунучтардын классификациясы, тиричилик коопсуздугунун ченемдик-укуктук негиздери, электрдик коопсуздук, электромагниттик жана иондошкон нурлануулардын мүнөздөмөсү жана алардын адамга таасири, жумуш орундун микроклиматы, жарыктын негизги өзгөчөлүктөрү, ЖК менен иш алып баруу боюнча коопсуздук, силкинүү жана чуунун негизги мүнөздөмөлөрү, өзгөчө кырдаалдарда коопсуздук жана материалдардын күйүүчү касиеттери каралат.

**Дисциплинанын орду:** 710400 – Программалык инженерия багытынын НББПнын **профессионалдык циклинин базалык (жалпы кесиптик)** бөлүгүндө окутулат.

**Пререквизиттер.** ЖОЖдун базасында окутулуучу “Электротехника, электроника жана түзмөктехника”, “ЭЭМ жана четки түзүлүштөр”, “Метрология, стандарттоо жана тастыктоо”, “Физика” жана “Экология” дисциплиналары.

**Пострекреквизиттер.** Тиричилик коопсуздугунун негиздери ишканларда өндүрүштүк практика өтүү убагында колдонулат.

**Компетенциялык көрсөткүчтөр:** Дисциплинаны окуп-үйрөнүп, өздөштүрүүнүн натыйжасында студент төмөнкү компетенциялык көрсөткүчтөрдүн деңгээлине ээ болуусу керек:

**Билүүсү зарыл:** Туруктуу өнүгүүнүн көйгөйлөрүн жана адамдын иш-аракеттери менен байланышкан тобокелдиктерди билүү.

**Ээ болуу:** Айлана-чөйрөгө антропогендик таасирлерди азайтууга багыттоо менен инсандын жана коомдун коопсуздугун камсыз кылуу иш аракеттерин рационалдаштыруу ыкмаларына ээ болуу.

## Программалык камсыздоону конструкциялоо (7 сем.)

**Компетенциялык көрсөткүчтөр:** ПК-9, ПК-10

**Максаты:** заманбап программалык камсыздоону долбоорлоонун ыкмаларын, изилдөө ыкмаларын өздөштүрүү, түзүлгөн долбоорлорго ылайык программаларды компиляциялоо, тестирлөө жана Microsoft Visual Studio программалык камсыздоону иштеп чыгуунун интеграцияланган системасын колдонуу боюнча көндүмдөрдү берүү.

**Мазмуну:** Программалык камсыздоону долбоорлоонун негизги түшүнүктөрү. Объектке багытталган программалык камсыздоо системалары. Программалык коддун сапаты. Программанын кодун долбоорлоого даярдоо. Сапаттуу кодду түзүү. Коргоочу программалоо. Программаны сыноо жана мүчүлүштүктөрдү оңдоо. Биргелешкен программалар. Программаларды башкаруу.

**Курстун пререквизиттери:** Алгоритмдер жана маалымат структуралары, информатика.

**Курстун постреквизиттери:** Системалык программалоо, программалык камсыздоо инженериясы.

**Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студент төмөнкүлөргө ээ болуусу керек:**

**Билет:**

- программалык камсыздоону иштеп чыгууга объектиге багытталган мамиленин негиздери;
- программалык камсыздоону иштеп чыгуу технологиясынын негиздери;
- программалык камсыздоонун жана архитектуранын негиздери

**Жасай алат:**

- заманбап изилдөө менен прикладдык маселелерди коюу жана чечүү;
- маалыматтык-коммуникациялык технологиялар;
- алгоритмдик тилдердин биринде программаалоо;

**Көндүмүнө ээ:**

- программалык кодду командалык иштеп чыгуунун ыкмалары жана каражаттары;
- программалык кодду түзүүнүн принциптерин жана моделдерин колдонуу көндүмдөрү;
- колдонмолорду тез иштеп чыгуунун ыкмалары, технологиялары жана каражаттары;
- программалык камсыздоону тестирлөө жана мүчүлүштүктөрдү оңдоо ыкмалары.
- алгоритмдөөнүн жана программалоонун негиздери.

## Структуралык программалоо (6 сем., 7 сем.)

**Компетенциялык көрсөткүчтөр: КК-1, КК-5, КК-8**

**Максаты:** структураланган программалоонун методологиясын жана негизги принциптерин өздөштүрүү, структураланган программалоонун жардамы менен милдеттерди коюу жана ишке ашыруу, программаларды оңдоо, программалык документтерди долбоорлоо, негизделген чечимдерди кабыл алуу жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу.

**Мазмуну:** Программалоо тилдери. Объектке багытталган программалоонун негизги принциби. компиляторлор жана котормочулар. Программалоо тилдеринин деңгээли жана муундары. Объектке багытталган программалоонун негизги принциби. Объектке багытталган программалоонун негиздери.

**Курстун пререквизиттери:** Алгоритмдер жана маалымат структуралары, информатика.

**Курстун постреквизиттери:** Системалык программалоо, программалык камсыздоо инженериясы.

**Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студент төмөнкүлөргө ээ болуусу керек:**

**Билет:**

Структуралык жана (же) объектиге багытталган программалоонун негизги принциптери. Структуралык жана (же) объектиге багытталган программалоо тилин колдонуу менен программанын компоненттерин иштеп чыгуу ыкмалары. Структуралык жана (же) объектиге багытталган программалоонун заманбап программалык каражаттары.

**Жасай алат:**

Практикалык маселелерди чечүү үчүн заманбап программалык каражаттарды колдонуу. Программанын компоненттерин структураланган жана (же) объектиге багытталган программалоо тилинде иштеп чыгуу. Программалык камсыздоонун компоненттерин тестирлөө.

**Көндүмүнө ээ:**

Структуралык жана (же) объектиге багытталган программалоонун заманбап тили. Жок дегенде жогорку деңгээлдеги программалоо тилдеринин биринде программаны иштеп чыгуу көндүмдөрү. Программанын компоненттериндеги семантикалык каталарды аныктоо көндүмдөрү.

## Маалыматты коргоонун ыкмалары жана каражаттары (6 сем.)

**Компетенциялык көрсөткүчтөр: КК-8**

**Максаты:** маалыматтык системалардагы компьютердик каражаттарды колдонуу менен аны иштетүү, берүү жана сактоо процессинде маалыматты коргоонун негизги принциптерин, ыкмаларын жана каражаттарын изилдөө.

«Маалыматты коргоонун ыкмалары жана каражаттары» дисциплинасын изилдөө кесиптик ишмердиктин төмөнкү милдеттерин чечүүгө өбөлгө түзөт

- маалыматты инженердик-техникалык коргоо концепциясын изилдөө;
- маалыматты инженердик-техникалык коргоонун теориялык негиздерин изилдөө;
- маалыматты инженердик-техникалык коргоонун физикалык негиздерин изилдөө;
- маалыматты алуунун жана коргоонун техникалык каражаттарын изилдөө;
- маалыматты инженердик-техникалык коргоонун уюштуруу негиздерин изилдөө;
- маалыматты инженердик-техникалык жактан коргоону методикалык камсыздоону изилдөө.

**Мазмуну:**

**Курстун пререквизиттери:** Маалымат базасы, жашоо аракет коопсуздугу, информатика, интернет технологияларынын негиздери

**Курстун постреквизиттери:** Структураланган программалоо, программалык камсыздоону конструкциялоо

**Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студент төмөнкүлөргө ээ болуусу керек:**

**Билет:** интрузияларды болтурбоо жана аныктоо каражаттары жана ыкмалары; маалыматтын агып чыгышынын техникалык каналдары; маалыматты кармоонун техникалык каражаттарынын мүмкүнчүлүктөрү; техникалык каналдар аркылуу маалыматты агып кетүүдөн коргоонун жолдорун жана каражаттарын жана маалыматты коргоонун натыйжалуулугун көзөмөлдөө; маалыматташтыруу объекттеринде маалыматтын техникалык каналдар аркылуу агып кетүүсүнөн коргоону уюштуруу;

**Жасай алат:** техникалык чалгындоого каршы аракеттенүү боюнча ченемдик документтерди колдонуу; даяр программалык камсыздоонун сапатын баалоо;

**Көндүмүнө ээ:** маалыматты техникалык коргоонун ыкмалары жана каражаттары; маалыматты техникалык жактан коргоонун көрсөткүчтөрүн эсептөөнүн жана инструменталдык контролдун ыкмалары.

## Объекттик-ориентациялык программалоо (6 сем.)

**Компетенциялык көрсөткүчтөр: КК-1, КК-5, КК-8**

**Максаты:** «Объектке багытталган программалоо» дисциплинасын өздөштүрүүнүн максаттары программалоонун, информатиканын заманбап парадигмаларын колдонуу тармагында окутуу, бүтүрүүчүгө тандап алган адистиги боюнча ийгиликтүү иштөөгө мүмкүндүк берүүчү жогорку кесиптик (бакалавр деңгээлинде) билим алуу болуп саналат. Заманбап компьютердик технологияларды колдонуу менен иш жүргүзүү жана программалоонун негиздерин үйрөтүү.

**Мазмуну:** Программалоо парадигмалары. Объектке багытталган программалоонун негиздери. Класстарды өнүктүрүү, класстык инстанцияларды түзүү. Класстарга көрсөткүчтөр. Класс иерархиясын уюштуруу. интерфейстер. Көптөгөн мурас. Класс үлгүлөрүн түзүү жана колдонуу. Жогорку деңгээлдеги тилде программаларды түзүүдө стандарттык класс китепканаларын колдонуу. Параллелдүү программалоонун негиздери.

**Курстун пререквизиттери:** Алгоритмдер жана маалымат структуралары, информатика.

**Курстун постреквизиттери:** Системалык программалоо, программалык камсыздоо инженериясы.

**Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студент төмөнкүлөргө ээ болуусу керек:**

**Билет:** программалоонун ыкмаларын жана технологияларын, үйрөнүлүп жаткан программалоо тилинин синтаксисин жана негизги конструкцияларын, маалыматтарды иштеп чыгуунун негизги алгоритмдерин, классикалык маселелерди туура формулировканы; программалык камсыздоо (системалык, прикладдык жана инструменталдык) жана компьютердик маалыматты иштетүү тармагындагы аналитикалык жана технологиялык чечимдер.

**Жасай алат:** маалымат агымында навигациялоону, маалыматты алуунун, трансформациялоонун, системалаштыруунун жана сактоонун, интеллектуалдык жана когнитивдик ишмердүүлүктүн зарыл кырдаалдарында аны жаңылоонун, маалыматты структуралаштыруунун рационалдуу ыкмаларын колдонууну билет; компьютер системасынын иштешин диагностикалоо жана көйгөйлөрдү чечүү.

**Көндүмүнө ээ:** алгоритмдерди иштеп чыгуунун ыкмаларын жана технологияларын, маалымат структураларын жана башка негизги маалыматтарды көрсөтүүнү, жогорку деңгээлдеги тилде программалоону, белгилүү бир программалоо чөйрөсүндө иштөө көндүмдөрүн.

# 10. ОКУУ ПЛАНДЫН ВАРИАТИВДИК БӨЛҮГҮНДӨГҮ ДИСЦИПЛИНАЛАРДЫН ПРОГРАММАСЫНЫН АННОТАЦИЯСЫ

## **Вариативдик бөлүк (ВК).** Дисциплина 1 (Java технология)

**Компетенциялык көрсөткүчтөр: ИК-5, КК-1, КК-5, КК-7**

**Максаты:** Java иштеп чыгуу тилин өздөштүрүү, java программалоо тилин колдонуп, программа иштеп чыгуу.

**Мазмуну:** Java тили. Java программалоо тилинин синтаксиси. Javaдагы функциялар.

**Курстун пререквизиттери:** Программалоо технологиялар

**Курстун постреквизиттери:** Структураланган программалоо, программалык камсыздоону конструкциялоо

**Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студент төмөнкүлөргө ээ болуусу керек:**

**Билет:** Java программалоо тилинде логикалык тапшрымаларды чечүү, java механизмдерин, тил синтаксисин, башкаруу конструкцияларын, колдонуучу функцияларын түзүү эрежелерин, массивдер жана саптар менен иштөө ыкмаларын, файл тутуму менен иштөө ыкмаларын.

**Жасай алат:** Колдонмо маселелерди формалдаштырып чечүүдө системдик жолдорду (подходы) жана математикалык методдорду колдонуу.

**Көндүмүнө ээ:** Intellij IDEA чөйрөсү менен иштөө, Java программалоо тилдеринде негизги алгоритмдик конструкцияларды ишке ашыруу.

**Колдоно алуу:** программалык камсыздоону түзүүдө заманбап операциялык тутумдарды жана оболочкаларды колдонуу, техникалык тейлөө программаларын колдонуу.

**Вариативдик бөлүк (ВК).** Дисциплина 6. (Серверные веб-технологии и системы управления контентам, системы управления версиями)

**Компетенциялык көрсөткүчтөр: ИК-6, КК-2, КК-5, КК-7**

**Максаты:** сервердик веб-технологиялар менен таанышуу жана аларды өздөштүрүү, серверди тургузуу жана аны менен иштөө, контенттерди башкаруу системаларын пайдаланып веб-сайт иштеп чыгуу.

**Мазмуну:** Сервер түшүнүгү. Серверлердин түрлөрү. Локалдык компьютерде сервер тургузу. Клиент-сервер архитектурасы. Бэкэнд жана фронтэнд түшүнүгү. Веб-сервер. Веб-тиркемелерди иштеп чыгууда веб-сервердин ролу. Веб-сервердик программалык жабдылыштар. Локалдык компьютерде веб-сервер уюштуруу. HTTP(S) протоколу жана вебдин башка протоколдору. GET, POST, DELETE, PUT методдору. Веб-сервердин жооптор коду. CMS түшүнүгү. CMS системалары жана аларды салыштыруу. WordPress CMSи жана аны орнотуу. WordPress CMSтен веб-сайт долбоорлоо жана аны реализациялоо.

**Курстун пререквизиттери:** интернет-технологияларынын негиздери, программалык инженерияга киришүү.

**Курстун постреквизиттери:** Web-программалоо.

**Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студент төмөнкүлөргө ээ болуусу керек:**

**Билүүсү зарыл:** Локалдык компьютерде сервер жана веб-сервер түзүүнү, веб-сервер менен кардардын өз ара аракеттенүү механизмдерин, сервердик веб-тиркемелерди иштеп чыгуу үчүн технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүгү, HTTP протоколодорунун методдорун, контенттерди башкаруу системаларын жана аларды колдонуп веб-сайт долбоорлону жана иштеп чыгууну.

**Билгичтиктер:** Колдонмо маселелерди формалдаштырып чечүүдө системдик жолдорду (подходы) жана математикалык методдорду колдонуу.

**Ээ болуу:** Open Server менен иштөө, контенттерди башкаруу системаларынын негизинде веб-сайт долбоорлоо жана аны реализациялоо, веб-сервердик сценарийлерди JavaScript жана PHP программалоо тилдеринде иштеп чыгуу.

**Колдоно алуу:** Сервер түзүүдө керектелүүчү программалык жабдылыштарлы айырмалоо жана аларды колдонуу, серверде жайгашкан веб-тиркемелерди иштеп чыгуу үчүн сервердик веб-технологияларды жана контенттерди башкаруу системаларын талдоо жана колдонуу.

**Вариативдик бөлүк (КПВ).** Дисциплина 1 (Интернет-технологияларынын негиздери)

**Компетенциялык көрсөткүчтөр: ИК-5, КК-2, КК-6, КК7**

**Максаты:** студенттерди Интернеттин түзүлүшү жана иштөө принциптери, тармакта маалымат ресурстарын так, туура издөөнү жана пайдаланууну уюштуруу, Web 1.0, 2.0, 3.0 технологиялары менен тааныштыруу, ошондой эле Интернетте иштөө боюнча ар түрдүү көндүмдөрдү алуу жана Интернет-технологияларды натыйжалуу пайдалануу болуп саналат.

**Мазмуну:** Интернет түшүнүгү, жаралуу тарыхы, өнүгүүсү. Компьютердик тармактын типтери. Интернеттеги протоколдор топтому жана алардын деңгээлдери, Интернетти уюштуруу схемасы. IP-дарек. Домендик аталыштар системасы. WWW. URL, URN, URI идентификаторлору. HTTP протоколу. Интернет кызматтарынын классификациясы. Маалымат издөө. Веб-брузер жана веб-баракчалар. Веб-форумдар. Веб-конференциялар. Веб-чаттар жана IRC чаттар системасы. Интернетте үндүк баарлашуу. Интернеттеги сатып алуулар. Электрондук төлөм системалары. Интернеттеги автордук укук. Маалыматтарды коргоо багыттары. Веб-сайттар жана аларды түзүү технологияларына обзор.

**Курстун пререквизиттери:** «Компьютердик архитектура жана периферриялык түзүлүштөр», «Программалык инженерияга киришүү”, “Операциондук системалар”, “Информатика” дисциплиналары.

**Курстун постреквизиттери:** «Web-программалоо».

**Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студент төмөнкүлөргө ээ болуусу керек:**

**Билүүсү зарыл:** Интернет технологияларынын негизги түшүнүктөрү, Интернет тиркемелеринин түрлөрү жана түзүлүү принциптери; интернет-технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүгү; Интернетти башкаруунун негизги принциптери, ыкмалары жана каражаттары.

**Билгичтиктер:** Колдонмо маселелерди формалдаштырып чечүүдө системдик жолдорду (подходы) жана математикалык методдорду колдонуу.

**Ээ болуу:** бир нече программалоо тилдеринде интернет-ресурстар үчүн Интернет тиркемелерин программалоо боюнча көндүмдөр; долбоорлонгон интернет-ресурстун маалымат базалары менен иштөө көндүмдөрү; домен жана хостингди издөө жана орнотуу көндүмү.

## 11. ОКУУ ПЛАНЫНДАГЫ ПРАКТИКАЛАРДЫН ПРОГРАММАСЫНА АННОТАЦИЯ

### 8.1. Окуу-таанышуу практика

**Аннотациясы:** Окуу-таанышуу практика – студенттын окуу процессинин негизги бөлүгүнүн бири болуп эсептелет. Практиканын бул түрү алгачкы кесиптик көндүмдөр менен ыкмаларга калыптандыруу максатында, адистиктердин өзгөчөлүгүнө ылайык университеттин материалдык-техникалык базасындагы түрдүү шарттарда (өндүрүштүк мекемелерде, университеттин лабораторияларында, борборлорунда) уюштурулат. Окуу-таанышуу практикаларынын жетекчилигине бүтүрүүчү кафедраларында саат жүктөмдөрү бар окутуучулары дайындалат.

**Максаттары:** Жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү стандартына жооп берүүчү кесиптик билим берүү программасын жана окуу пландарын жетишээрлик деңгээлде ишке ашыруу;

- Окутуу менен байланышкан типтүү иш – чараларды долбоорлоо, иштеп чыгуу жана өткөрүү;
- Кесиптик көндүмдөр менен ыкмаларга калыптандыруу;
- Окуу процесинин байланышын аныктоо;
- Студенттерди жарандуулукка тарбиялоо, чеберчилик ой жүгүртүүсүн, баалуулук, маанилүүлүк жана мотивациялык көндүмдөрүн системасын өнүктүрүү.

**НББПдагы орду:** Практикалар бөлүгүнө кирет, 3 кредит.

**Кыскача мазмуну:** Практиканын мазмуну бүтүрүүчү кафедранын кызыкчылыгын жана мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен НББПнын талаптарын толугу менен канааттандырат. Окуу – таанышуу практиканын программасы ар бир студент үчүн аткаруучу жумушунун спецификасына жана мүнөзүнө жараша конкреттештирип чагылдырылат.

**Окуу – таанышуу практика төмөндөгү иш чаралардан турат:**

- Жогорку билим берүү мекемедеги билим берүү процессинин структурасы жана окутуучулар тарабынан отчетук документацияларды жүргүзүү эрежелери менен тааныштыруу;

Практика учурунда студенттер ЖОЖдун факультеттеринин, ошондой эле кафедранын түрдүү илимий – педагогикалык жана уюштуруучулук иш – чараларына катыша алат.

Практиканын мазмуну студенттын жетекчиси тарабынан пландаштырылып, даярдоо программасынын жетекчиси менен макулдашылат жана студенттердин отчетунда жана индивидуалдык планында чагылдырылат.

**Компетенциялар:** ЖИК-1, ЖИК-4

### 8.2. Өндүрүштүк практика

**Аннотациясы:** Практика студенттердин практикалык көндүмдөрүн калыбына келтирүү жана теориялык билимдерди жыйынтыктоо максатында жүргүзүлөт. Практика учурунда студенттер теориялык алган билимдерин бышыктайт жана терендетет, окуу жайдын шартында информациялык, башкаруучулук жана методикалык маселелерди өз алдынча чечүүгө керек болгон билим, билгичтик жана көндүмдөрүн калыптандырышат.

**Максаты:** Практиканын негизги максаты болуп өндүрүш ишмердүүлүгү менен байланышта болгон технологиялык билгичтерди жана адамдардын карым – катнашын чагылтуучу коммуникативдик билгичтерди студенттерди калыптандыруу болуп саналат.

**НББПдагы орду:** Практикалар бөлүгүнө кирет, 6 кредит.

**Кыскача мазмуну:** Студенттин өндүрүштүк практикасы бекитилген студенттин квалификациялык ишинин темасынын алкагында практика жүргүзүлгөн мекеменин кызыкчылыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен информациялык системаларды проектирлөө формасында ишке ашырылат.

Практика өтүү мезгилинде студентти ишмердүүлүгү стротегиялык ой жүгүртүүнүн пайда болуусу жана өнүктүрүүсү, ситуациялык кырдаалдан чыгуу жана адамдардын топторун башкаруу жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруусу менен мүнөздөлөт. Андан сырткары практика студенттин личностук социализациялануучу процессине көмөктөшүп, жаңы – өндүрүштүк ишмердүүлүктү, коомдук нормаларды, кесиптин баалуулуктарын өздөштүрүүнү, ошондой эле студенттин жекече ишмердик маданиятын калыптандырат.

Практикада студенттин ишмердүүлүгү төмөнкү этептар боюнча жүргүзүлөт:

**I этабы –** студенттик даярдоо программасынын алкагында теориялык проблемаларды изилдөө:

- Практиканын календардык планын түзүү;
- Тиешелүү информациялык системаларды түзүп чыгуу.

**II этабы –** студент темасына туура келүүчү мекеме жана уюмдун ишмердүүлүгүнүн практикасын изилдөө:

- Информацияга жетүүнүн түрдүү методикасын библиотекаларга баруу, интернетте иштөө, пайдалануу менен илимий адабияттарга анализ жасоо;
- Тиешелүү информациялык системаларды кийирүү;
- Иштелип чыгылган системаларды реалдуу берилгендер менен толтуруу;
- Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктарын жасалгалоо жана аны илимий жетекчиси менен макулдашуу.

**III этабы –** жыйынтыктоочу этап.

Бул этап практиканын эң акыркы этабы болуп саналат жана мында студент практиканын программасына ылайык топтолгон материалдардын жалпылайт; анын жетиштүүлүгүн жана ишмердүүлүгүн аныктайт.

Практика боюнча отчету жетекчинин колу коюлу менен жетекчисине тапшырылат.

**Компетенциялар:** ЖИК-1, ЖИК-4, ЖИК-6, СЖК-5

Өндүрүштүк практика учурунда студент төмөнкүдөй **көндүмдөргө ээ болуусу керек:**

- Келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнүн маселелерин ийгиликтүү чечүүгө негизги шарт боло турган информациялык комуникативдик маданиятты өнүктүрүү керек;
- Конкреттүү маселелерди чечүү үчүн өз алдынча иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүү максатында түрдүү мекеме жана уюмдардын информациялык кызматтарды көрсөтүүдө уюштурууучулук, информациялык – комуникативдик, укуктук жана психологиялык жумуштар боюнча тажрыйба алуу керек;
- Билим берүү мекеменин информатизациялануусу менен байланышкан маселелерди коюуга жана аны практикада информациялык технологиялар жана системаларды пайдалануу менен чечүүгө үйрөтүү керек;

- IT технологиялар областындагы стандарттардын талаптарына туура келүүчү реалдуу маселелерди чыгаруунун практикалык билгичтерин калыптандыруу керек;

- Студент тарабынан конкреттүү билим берүү системасындагы мекеменин шартында уюштуруучулук, башкаруучулук же илимий ишмердүүлүк маселелерин чечүү үчүн конкреттүү информациялык технологияларды жана информациялык камсыздоо системаларды түзүү жана колдонуу тажрыйбасын алуусу керек;

### 8.3. Квалификациялык практика

**Аннотациясы:** Практика студенттердин практикалык көндүмдөрүн калыбына келтирүү жана теориялык билимдерди жыйынтыктоо максатында жүргүзүлөт. Практика учурунда студенттер теориялык алган билимдерин бышыктайт жана тереңдетет, окуу жайдын шартында информациялык, башкаруучулук жана методикалык маселелерди өз алдынча чечүүгө керек болгон билим, билгичтик жана көндүмдөрүн калыптандырышат.

**Максаты:** Практиканын негизги максаты болуп өндүрүш ишмердүүлүгү менен байланышта болгон технологиялык билгичтерди жана адамдардын карым – катнашын чагылтуучу коммуникативдик билгичтерди студенттерди калыптандыруу болуп саналат.

**НББПдагы орду:** Практикалар бөлүгүнө кирет, 6 кредит.

**Кыскача мазмуну:** Студенттин өндүрүштүк практикасы бекитилген студенттин квалификациялык ишинин темасынын алкагында практика жүргүзүлгөн мекеменин кызыкчылыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен информациялык системаларды проектирлөө формасында ишке ашырылат.

Изилдөө темасы бүрүүчү кафедранын илимий багытынын алкагында илимий – изилдөө иштеринин өз алдынча бөлүгү катары аныкталат. КР ББ жана ИМдин негизинде квалификациялык программанын жетекчиси тарабынан практиканын мазмуну аныкталат жана өндүрүштүк практикага жекече тапшырмалар берилет.

Практика учурунда студент жумушу квалификациялык ишинин үстүнөн иштөө катары уюштурулат: теманы тандоо, изилдөө проблемасын, объектин жана предметин аныктоо; изилдөөнүн максатын жана маселелерин формулировкалоо; проблема боюнча адабияттардын жана изилдөөлөрдүн тоериялык анализи, тема боюнча керектүү булактарды топтоо; библиографияны түзүү; жумуш гипотезасын формилоркалоо; изилдөө жүргүзүү базасын тандоо; изилдөө методдорунун комплексин аныктоо; экспримент жүргүзүү; эксприменталдык берилгендерге анализ; изилдөөнүн жыйынтыктарын жазуу.

Илимий – изилдөө темасына туура келген материалдарды жана статистикалык берилгендерди топтоо жана изилдөө, маалыматтарды анализдөө, алынган жыйынтыктарды апробациялоо өндүрүштүк практиканын мазмунундагы негизги түзүүчүсү болуп эсептелет.

Практикада студенттин ишмердүүлүгү төмөнкү этептар боюнча жүргүзүлөт:

**I этабы** – студенттик даярдоо программасынын алкагында теориялык проблемаларды изилдөө:

- Изилдөө темасын тандоо жана негиздөө;
- Практиканын календардык планын түзүү;
- Максаттын жана конкреттүү маселелердин коюлушу, жумушчу гипотезаны формулировкалоо, изилдөө темасы боюнча ата – мекендик жана чет өлкөлүк эмгектерге критикалык анализ жасоо жана жалпылоо;
- Тиешелүү информациялык системаларды түзүп чыгуу.

**II этабы** – студент темасына туура келүүчү мекеме жана уюмдун ишмердүүлүгүнүн практикасын изилдөө:

- Изилдөөнүн объектин жана предметин аныктоо;
- Изилдөө предмети боюнча информацияларды топтоо жана анализдөө;
- Каралуучу проблеманын айрым аспектерин окуп үйрөнүү;
- Информацияны статистикалык жана математикалык кайра иштеп чыгуу;
- Информацияга жетүүнүн түрдүү методикасын библиотекаларга баруу, интернетте иштөө, пайдалануу менен илимий адабияттарга анализ жасоо;
- Тиешелүү информациялык системаларды кийирүү;
- Иштелип чыгылган системаларды реалдуу берилгендер менен толтуруу;
- Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктарын жасалгалоо жана аны илимий жетекчиси менен макулдашуу.

**III этабы** – жыйынтыктоочу этап.

Бул этап практиканын эң акыркы этабы болуп саналат жана мында студент практиканын программасына ылайык топтолгон материалдардын жалпылайт; анын жетиштүүлүгүн жана ишмердүүлүгүн аныктайт.

Өндүрүштүк практикадан төмөндөгүдөй күтүлүүчү натыйжалар алынат:

- Изилдөөнүн методологиясынын негизги жоболорун билүү жана аны тандалган темасынын үстүндө иштөөдө пайдалана билүү;
- Илимий информацияны топтоо, анализдөө жана иштеп чыгуунун заманбап усулдарын пайдалана алуу.

Практика боюнча отчету жетекчинин колу коюлу менен жетекчисине тапшырылат.

**Компетенциялар:** ЖИК-1, ЖИК-4, ЖИК-6, СЖК-5

Өндүрүштүк практика учурунда студент төмөнкүдөй **<u>көндүмдөргө ээ болуусу керек:</u>**

- Келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнүн маселелерин ийгиликтүү чечүүгө негизги шарт боло турган информациялык комуникативдик маданиятты өнүктүрүү;
- Конкреттүү маселелерди чечүү үчүн өз алдынча иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүү максатында түрдүү мекеме жана уюмдардын информациялык кызматтарды көрсөтүүдө уюштуруучулук, информациялык – комуникативдик, укуктук жана психологиялык жумуштар боюнча тажрыйба алуу;
- Билим берүү мекеменин информатизациялануусу менен байланышкан маселелерди коюуга жана аны практикада информациялык технологиялар жана системаларды пайдалануу менен чечүүгө үйрөтүү;
- IT технологиялар областындагы стандарттардын талаптарына туура келүүчү реалдуу маселелерди чыгаруунун практикалык билгичтерин калыптандыруу;
- Студент тарабынан конкреттүү билим берүү системасындагы мекеменин шартында уюштуруучулук, башкаруучулук же илимий ишмердүүлүк маселелерин чечүү үчүн конкреттүү информациялык технологияларды жана информациялык камсыздоо системаларды түзүү жана колдонуу тажрыйбасын алуу;
- Бүтүрүүчү квалификациялык жумушу болгон – бүтүрүүчү квалификациялык ишти даярдоо үчүн керектүү материалдарды топтоо.

Практикадан өтүү мезгилинде студент теориялык билимдерин бышыктап, практикалык көндүмдөргө ээ болуп, бүтүрүүчү квалификациялык иштин жазуу үчүн керек болгон маалыматтарды даярдоосу керек.

## 9. ОКУУ ПЛАНЫНДАГЫ БҮТҮРҮҮЧҮ КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК ИШТИ ДАЯРДОО ЖАНА КОРГОО ПРОГРАММАСЫНА АННОТАЦИЯ

**Аннотациясы:** Бүтүрүүчү квалификациялык иш – актуалдуу маселенин чыгарылышы менен байланышкан, конкреттүү бакалавр багыт боюнча даярдоонун өзгөчөлүктөрү менен аныкталган, кол жазма түрүндө даярдалган, толук жазылып бүткөн теориялык жана эксперименталдык илимий-изилдөө жумуш болуп эсептелинет.

Бүтүрүүчү квалификациялык иш студенттин илимий потенциалын ачат, анын өз алдынча изилдөө жүргүзүүдөгү жана уюштуруудагы, изилдөө областында маселени чечүү үчүн заманбап усулдары колдонуудагы, изилдөөнүн жыйынтыгын алып, аргументтештирүүдөгү жана негизделген сунуштарды талдоодогу өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт.

Бүтүрүүчү квалификациялык иш тандалган тема боюнча өз алдынча изилдөө жумушу болот жана ал кылдаттык менен изилдеген илимий булактардын, топтолуп жана иштелип чыккан материалдардын негизинде жазылышы керек. Адабияттардан алынган материал тема менен байланышкан болуп, кайрадан иштеп чыгуу керек; тема конкреттүү берилгендер, график, таблицалар, салыштыруулар менен ачылып, жазылышы керек.

Бүтүрүүчү квалификациялык иш илимий жетекчинин жетектөөсүнүн алдында жүргүзүлгөн илимий-изилдөөнүн негизинде студент тарабынан аткарылган бүтүрүү квалификациялык жумуш болуп эсептелет.

Бүтүрүүчү квалификациялык иш жогорку квалификациялык адистердин (илимдин докторлору жана кандидаттары) жетектөөсү алдында аткарат. Конкреттүү бакалавр багыттын профили боюнча жогорку квалификациялык ишмерлер да жетектей алат.

Илимий жетекчи студентке изилдөө проблемасы боюнча консультация берет, жекече пландын аткарылышын көзөмөлдөйт.

**Максаты:** студенттердин жөндөмдүүлүгүн жана өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн маселесин заманбап деңгээлде өз алдынча чечүүгө даярдыгын, атайын маалыматтарды профессионалдык изилдөөсүн, ага “бакалавр” квалификациясын (академиялык даражасын) ыйгарууга негиз болгон өзүнүн көз карашын аргументтештирип, коргой алышын аныктоо болуп саналат.

**НББПдагы орду:** Бүтүрүүчү квалификациялык ишин аткаруу бөлүгүнө кирет, 6 кредит.

**Кыскача мазмуну:** Бүтүрүүчү квалификациялык ишин жазуунун максатына жетүү үчүн студент төмөндөгүлөрдү аткаруусу керек:

- Жумушту аткаруу проблемасынын негиздөөсү жана окуп үйрөнүүчү кубулуштар, процесстер боюнча теориялык изилдөөлөр жүргүзүү;
- Изилдөөнүн методун жана методикасын негиздөө, окуп үйрөнүүчү кубулуш же процессти анализдөө, конкреттүү берилгендердин негизинде өсүүчү бул процесстердин тенденциясын жана закон ченемдүүлүгүн аныктоо;
- Эгерде мүмкүн болсо, изилдөөчү кубулуш же процесстин өсүшү жана өркүндөшү боюнча конкретиүү маалыматтарды иштеп чыгуу.

Бүтүрүүчү квалификациялык ишин коргоо ачык МАКда жүргүзүлөт.

Бүтүрүүчү квалификациялык ишин коргоо илимий дискуссия мүнөздө болуп, жогорку талап коюлуу менен, илимий этиканын принциптерин сакташы керек.

Коргоо учурунда бакалавр даражанын изилденүүчүсү аткарылган изилдөөнүн мазмунун так, даана жана өзүнө ишенүү менен айтып берүүсү керек, ошондой эле суроолорго аргументтүү жооп берип, илимий дискуссия жүргүзүшү керек.

**Компетенциялар:** ЖИК-,4,5, КК-3,4,9

## 10. МАМЛЕКЕТТИК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ

Жогорку окуу жайынын бүтүрүүчүсү негизги билим берүү программасын толугу менен өздөштүргөндөн соң окуу планынын негизинде төмөнкү мамлекеттик аттестациялык экзамендерди тапшырат:

- Багыт боюнча дисциплиналар аралык мамлекеттик экзамен;
- Бүтүрүүчү квалификациялык ишти коргоо.

Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын иши Ош мамлекеттик университетинин №26 бюллетенинин негизинде уюштурулат.

## 11. ПРОГРАММАНЫН КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫНЫН КАРТАСЫ

**Эскертүү:**

**Ж** - Тиешелүү билим берүү жыйынтыгына жогорку деңгээлде жооп берет;
**О** - Тиешелүү билим берүү жыйынтыгына орто деңгээлде жооп берет;
**Т** - Тиешелүү билим берүү жыйынтыгына төмөнкү деңгээлде жооп берет.

| Компетенциялар | Дисциплиналар | | |
|---|---|---|---|
| | Жогору (Ж) | Орто (О) | Төмөн (Т) |
| ***Универсалдык компетенциялар*** | | | |
| ***Жалпы илимий (ЖИК)*** | | | |
| – **ЖИК-1** курчап турган дүйнө жөнүндө бирдиктүү системада илимий билимге ээ болот, жашоо жана маданият баалуулуктарды түшүнүүгө жөндөмдүү; | Кыргызстандын тарыхы<br>Философия<br>Физика | Этика | Чет тили |
| – **ЖИК-2** математика /табигий/ гуманитардык/ экономика илимдердин негизги жоболорун профессионалдык маселелерди чечүүдө колдонууга жөндөмдүү; | Математика | Физика<br>Программалык инженериянын экономикасы | Этика |
| – **ЖИК-3** өз алдынча жогорку даражада жаңы билимди заманбап маалымат технологияларды колдонуу менен ээ болууга жөндөмдүү; | Информатика | | Чет тили |
| – **ЖИК-4** изилдөө жөндөмдүүлүктүн негизги ыкмаларын колдонуу менен, долбоорлор менен иштөөгө катышууга жана аларды ишке ашырууга чечимдерди кабыл алууга, адаттагы жана инновациялык идеяларды түшүнүүгө жана колдонууга жөндөмдүү; | | Информатика | |
| – **ЖИК-5** илимде, техника жана технологияларда, профессионалдык чөйрөдө социал-экономикалык жана маданий натыйжалуулукту баалап жана талдоого жөндөмдүү; | | | Кыргызстандын тарыхы<br>Философия |

| | | | |
|---|---|---|---|
| – **ЖИК-6** илимий негизде өзүнүн эмгегин баалоого, өзүнүн жасаган ишинин жыйынтыгын жогорку деңгээлде баалоого жөндөмдүү; | | Философия | |
| ***Инструменталдык (ИК):*** | | | |
| – **ИК-1** маалыматты кабыл алууга, корутунду чыгарууга жана талдоого, максатты коюуга жана ага жетүүгө жол тандоого жөндөмдүү; | | Философия | Кыргызстандын тарыхы<br>Математика<br>Информатика<br>Физика<br>Web-дизайн |
| – **ИК-2** мамлекеттик жана расмий тилде өз оюн оозеки жана жазуу түрлөрүндө логикалык жактан туура, далил менен жана түшүнүктүү ачып берүүгө жөндөмдүү; | Кыргыз тили жана адабияты<br>Орус тили | | Этика |
| – **ИК-3** социалдык мамиле жүргүзүү деңгээлинде бир чет тилди билүү; | Чет тили | | |
| – **ИК-4** ишкердүү мамиле жүргүзүүнү ишке ашырууга жөндөмдүү: эл алдында чыгып сүйлөөгө, пикир алмашууга, жыйындарды өткөрүүгө, иш менен байланышкан кат жазууга, электрондук коммуникацияга; | | Кыргыз тили жана адабияты<br>Орус тили | Этика |
| – **ИК-5** маалыматтарды иштеп чыгуунун жана сактоонун негизги усулдарын, ыкмаларын жана каражаттарын компьютер менен иштөөдө, жана дагы маалыматтарды башкарууну, анын ичинде, глобалдуу компьютердик тармактар жана | Информатика | ReactJS менен Frontend иштеп чыгуу | Web-дизайн |

| | | | |
|---|---|---|---|
| корпоративдик маалымат системаларын билет; | | | |
| – **ИК-6** уюштурулган чечимдерди иштеп чыгууга катышууга жөндөмдүү. | | ReactJS менен Frontend иштеп чыгуу | Информатика |
| **Социалдык-жекечилик жана жалпы маданий (СЖК)** | | | |
| – **СЖК-1** коомдо кабыл алынган моралдык жана укук нормаларынын негизинде социалдык бирдиктүү кызматташууга жөндөмдүү, элдерди сыйлоону, башка маданиятка толеранттуулугун, партнердук мамилени колдоого даярдыгын көрсөтө алат; | Кыргызстандын тарыхы<br>Манас таануу | Философия | |
| – **СЖК-2** өзүнүн кадыр-баркын жана кемчиликтерин сын көз караш менен баалоону билет, кадыр-баркын жогорулатууга жана кемчиликтерин жоюуга аракеттерди тандап жана белгилей алат; | | Философия<br>Манас таануу | |
| – **СЖК-3** граждандык демократиялык коом баалуулугунун негизинде маектешүүгө даяр жана жөндөмдүү, активдүү граждандык позицияны ээлөөгө жөндөмдүү; | | | Кыргызстандын тарыхы<br>Философия<br>Манас таануу |
| – **СЖК-4** дени сак жашоо, жаратылышты коргоо жана ресурстарды рационалдуу колдонуу үчүн окуп билген билимин колдонууга жөндөмдүү; | Экология | | |
| – **СЖК-5** коллективде иштөөгө жөндөмдүү, анын ичинде жоопкерчиликтүү долбоорлор үстүндө. | | Жашоо аракет коопсуздугу | Информатика |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Профессионалдык (ПК)** | | | |
| ***аналитикалык иште:*** | | | |
| – **КК-1** программалык долбоордо предметтик тармакты түзүүгө жана программалык натыйжалуулук компоненттери үчүн спецификацияларды иштеп чыгууга жөндөмдүү; | Алгоритмдер жана маалымат структуралары<br>Структураланган программалоо | Компьютердик графика<br>Java технология<br>ReactJS менен Frontend иштеп чыгуу | Объекттик- ориентациялык программалоо |
| ***долбоордук иште:*** | | | |
| – **КК-2** долбоорлоодо, конструкциялоодо, программалык натыйжаларды терстирлөөдө информатика жана программалоонун негизин колдонууга жөндөмдүү; | Системалык программалоо<br>Java технология | Эсептөө систем архитектурасы | Интернет – технологиянын негиздери |
| – **КК-3** окулган баштапкы коддун, документациянын негизги идеясын окууга, түшүнүүгө жана белгилөөгө жөндөмдүү; | | | Операциялык системалар |
| – **КК-4** объектини моделдештирүүгө жөндөмдүү; | | Компьютердик графика | Системалык программалоо |
| – **КК-5** программалык интерфейс түзүүгө жөндөмдүү. | Компьютердик графика<br>Web-дизайн<br>Java технология<br>ReactJS менен Frontend иштеп чыгуу | Заманбап скриптик программалоо тилдери<br>Объекттик- ориентациялык программалоо | Алгоритмдер жана маалымат структуралары<br>Маалымат базасы<br>Структураланган программалоо<br>Интернет – технологиянын негиздери |
| ***технологиялык иште:*** | | | |
| – **КК-6** операциялык системаларды, тармактык технологияларды, | Маалымат базасы | Java технология | Жашоо аракет коопсуздугу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| программалык интерфейстерди иштеп чыгуу каражаттарын колдонууга, формалдык спецификация тилдерин жана ыкмаларын, маалымат базасын башкаруу системасын пайдаланууга жөндөмдүү; | Программалык системанын архитектурасы жана долбоорлоо | Интернет – технологиянын негиздери | |
| ***өндүрүштүк иште:*** | | | |
| – **КК-7** программалык камсыздоону иштеп чыгуунун негизги инструменттерин жана ыкмаларын колдонууга жөндөмдүү; | Заманбап скриптик программалоо тилдери<br>ReactJS менен Frontend иштеп чыгуу | Системалык программалоо<br>Операциялык системалар | Интернет – технологиянын негиздери<br>Web-дизайн |
| – **КК-8** программалык камсыздоонун концепциясын жана атрибуттук сапаттарын түшүнүүгө жөндөмдүү; | Операциялык системалар<br>Объекттик- ориентациялык программалоо | Алгоритмдер жана маалымат структуралары<br>Структураланган программалоо | Программалык системанын архитектурасы жана долбоорлоо |
| ***уюштуруучулук-башкаруучулук иште:*** | | | |
| – **КК-9** цикл моделдерин, башкаруу процессин иштеп чыгуу талаптар ыкмаларын, долбоорлоону, конструкциялоону, тестирлөөнү, эволюция жана коштоп жүрүүнү түшүнүүгө жөндөмдүү; | Программалык Инженерияга киришүү | Эсептөө систем архитектурасы<br>Программалык камсыздоону конструкциялоо | Маалыматтарды коргоо ыкмалары жана каражаттары |
| ***сервистик-эксплуатациалык иште:*** | | | |
| – **КК-10** программалык камсыздоонун эволюция жана коштоп жүрүү негизги концепция жана ыкмаларын, реинженеринг и рефакторинг, техникалык көз караш менен эволюциялык иштин өзгөчөлүгүн түшүнүүгө жөндөмдүү. | Программалык инженериянын экономикасы<br>Программалык камсыздоону конструкциялоо | Программалык Инженерияга киришүү | |
| ***ЖОЖ тарабынан аныкталган адистик боюнча кошумча компетенциялар:*** | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| – **АКК-1** интернет-технологияларды ишке ашыруу каражаттарын долбоорлоого, мобилдик, веб чөйрөсүндөгү долбоорлорду иштеп чыгууга, долбоорлоочу документтердин бардык түрлөрү менен иштөөгө жана иштеп чыгууга жөндөмдүү. | Заманбап скриптик программалоо тилдери<br>Интернет – технологиянын негиздери<br>ReactJS менен Frontend иштеп чыгуу | Маалымат базасы<br>Серверк веб-технологиялары жана CMS, версияларды башкаруу системалары<br>Web-дизайн | Маалыматтарды коргоо ыкмалары жана каражаттары |

**НББПны иштеп чыккандар:**

МИТФнын деканы, ф.-м.и.к., доцент: Сопуев У.С.

ИТАС каф. башчысы, ф.-м.и.к., доцент: Модояров У.Д.

ИТАС каф. улук окутуучусу: Ажибекова А.Т.

ИТАС каф. окутуучусу: Арстанбеков А.К.

ИТАС каф. окутуучусу: Сүйүнбек уулу А.

КИИК каф. башчысы, ф.-м.и.к., доцент: Эркебаев У.З.

“IT академия” директору: Абдирасулов А.З.

ПИ(б)-1-20 тайпасынын студенти: Авасов Б.Б.